КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 24-июлу, № 13/1 Ылай-Талаа айылы

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө сөөк коюучу жайларды алдын ала брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 10-декабрындагы № 795 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө, сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын аныктоо тартиби жөнүндө” токтомдорунда каралган тартиптерди ишке ашыруу маселеси жөнүндө**

Ылай-Талаа айылдык кеңешинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген “Маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү үрп-адаттары менен байланышкан иш-чараларды өткөрүү тартиби жөнүндө” Жободо каралгандардын негизинде айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө сөөк коюучу жайларды алдын ала брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 10-декабрындагы № 795 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө, сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын аныктоо тартиби жөнүндө” токтомдорун аткарууда айыл аймагындагы көрүстөндөрдө маркумду жерге берүү кызмат көрсөтүүлөрү, жай казуу жана көмүү, маркумду табытка салып көрүстөнгө жеткирүү айыл имамдары жана айыл башчылары менрен биргеликте жүргүзүлөөрү эске алынсын.
2. Ылай-Талаа айыл аймагындагы көрүстөндөрдө маркумду жерге берүүдө жер тилкесин брондоо зарылчылыгы жок болуп, сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү жамаат тарабынан акысыз жүргүзүлгөндүктөн, сөөктү жайга коюу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын аныктоо тартиби жөнүндө жобону айыл аймагында жайылтууга негиз жок экендиги белгиленсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Мойдунов